Эл аралык мамилелер факультетинин окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын

**ПРОТОКОЛУ**

**6-декабрь, 2021-жыл №2, Ош шаары**

Төрайымы: С.С.Ибраимова
Катчысы: Г.М.Даниярова

Катышкандар: окумуштуулар кеңешинин15 мүчөсүнөн 12 мүчөсү катышты.

1. Ибраимова С.С.
2. Нурдинова К.Х.
3. Джаныбекова В.Б.
4. Курбанбаев К.А.
5. Азимова Ж.Ч.
6. Эркебаев Э.М.
7. Токоева Г.А.
8. Раджапова Н.
9. Ташыбаева А.К.
10. Бердибек уулу Ч.
11. Сулайманова Г.Б.
12. Даниярова Г.М.

**КҮН ТАРТИБИ:**

**1. Факультеттеги эл аралык мамилелер багыты боюнча (магистратура) көз карандысыз аккредитациядан өткөрүүгө даярдыктар (1-3-критерийлер) жөнүндө**

Программа жетекчиси: В.Б.Джаныбекова

**2. 2021-2022-окуу жылындагы "эл аралык мамилелер" багытындагы магистранттардын диссертациялык иштеринин темасын, бакалавр багытындагы бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштеринин темаларын жана жетекчилерин бекитүү жөнүндө**

Программа жетекчилери: К.Х.Нурдинова, В.Б.Джаныбекова

**3. Факультеттин эл аралык байланыштары, окутуучулардын жана студенттердин эл аралык долбоорлор менен иштөөсү, "Академиялык алмашуу" программасы боюнча иштердин жүрүшү жана маселелери**

Эл аралык байланыштар боюнча координатор: Г.Б. Сулайманова

**4. Ар түрдүү маселелер**

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С.Ибраимова:** Саламатсыздарбы, урматтуу коллегалар! Бүгүнкү ОКнын 15 мүчөсүнөн 12 мүчөсү катышып жатат, кворум бар. Ошондуктан ОК ачык деп жарыялайм. ОКнын күн тартибин бекитүү боюнча сунуштар барбы?

Анда күн тартибиндеги маселелерди бекитип койсок: «каршы», «калыс» жок бир добуштан "макул".

Регламент бекитип алсак: баяндамачыларга –3-5мин.,
жарыш сөзгө –3мин .
суроо - 1 мин.

«каршы»- жок, «калыс» -жок, “макул” – бир добуштан, “бекитилсин”

**1-маселе. Факультеттеги эл аралык мамилелер багыты боюнча (магистратура) көз карандысыз аккредитациядан өткөрүүгө даярдыктар (1-3-критерийлер) жөнүндө** программа жетекчиси В.Б.Джаныбекованын баяндамасы.

**УГУЛДУ: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Урматтуу коллегалар! Бул окуу жылында эл аралык мамилелер багыты боюнча магистратураны аккредитациядан өткөрүү боюнча алдыбызда чоң жумуш турат. Бүгүн 1- жана 3-критерийлер боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер менен таанышып, кемчилик же кандайдыр бир жетишпестиктер болсо аны талкуулап жоюуга жардам берели.

**ЧЫГЫП СҮЙЛӨДҮ: В.Б.Джаныбекова:** Бүгүнкү күндө жумушчу топ түзүлүп, иштер жүрүп жатат. Бирок биз кайсы агенттиктин талаптары боюнча иш алып барууну билбей жатабыз. Себеби тендер өткөрүлө элек. Баарыңыздарга маалым болгондой, биз саясат таануу багыты боюнча магистратура аккредитациядан ийгиликтүү өткөн. Бирок ал убактан бери көп өзгөрүүлөр болду. Сиздерге 1-3-стандарттар боюнча айтып берсем.
(Доклад тиркелет)

**УГУЛДУ: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Бул маселе боюнча кандай сунуштар бар? Сунуштар болбосо кийинки маселеге өтсөк.

**2-маселе. 2021-2022-окуу жылындагы “эл аралык мамилелер” багытындагы магистранттардын диссертациялык иштеринин темасын, бакалавр багытындагы бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштеринин темаларын жана жетекчилерин бекитүү.**

**УГУЛДУ: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Бул окуу жылында бизде “эл аралык мамилелер” багытындагы магистранттардын диссертациялык иштеринин темасын, бакалавр багытындагы бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштеринин темаларын жана жетекчилерин бекитип берүүбүз керек. Сөз программа жетекчилерине берилсе.
**ЧЫГЫП СҮЙЛӨДҮ: К.Х.Нурдинова:** Бул окуу жылында Эл аралык мамилелер багыты боюнча бакалавриатты 3 группа, тагыраак айтканда 84 студент аяктаганы турат. Биз студенттер менен квалификациялык иштерди жазуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен, илимий жетекчилери менен биргеликте темаларын тактадык. Алар менен таанышып чыксаңыздар болот.

**ЧЫГЫП СҮЙЛӨДҮ: В.Б.Джаныбекова:** Быйылкы окуу жылында эл аралык мамилелер багыты боюнча магистратурага 13 магистрант кабыл алынды. Алар илимий жетекчилери менен биргеликте илимий темасын тандашты. Алар менен таанышып чыксаңыздар болот.

**УГУЛДУ: С.С.Ибраимова:** Бул маселе боюнча кимде кандай сунуш бар?

**3. Факультеттин эл аралык байланыштары, окутуучулардын жана студенттердин эл аралык долбоорлор менен иштөөсү, “Академиялык алмашуу” программасы боюнча иштердин жүрүшү жана маселелери**

Эл аралык байланыштар боюнча координатор: Г.Б. Сулайманова

**УГУЛДУ: С.С.Ибраимова:** Урматтуу ОКнын мүчөлөрү! Баарыңыздар билгендей биздин факультет мобилдүүлүк боюнча университетте алдыңкы орундарда турат. Бирок пандемияга баййланыштуу көп программалар онлайн форматка өткөндүктөн, бир аз проблемалар бар. Ушул иштердин жүрүшү боюнча Г.Сулайманова баяндап берсе.

Эл аралык программалар боюнча координатор жүргүзүлүп жаткан иштер тууралуу айтып берди. (Презентация тиркелет)

**ЧЫГЫП СҮЙЛӨДҮ: К.Х.Нурдинова:** Бул иштер биздин факультет үчүн канааттандыраарлык эмес. Кураторлор жакшы иштебей жатышат. Көп убактарда студенттерге маалымат жетпей калып жатат. Ошондуктан кураторлорго милдеттендириш керек.

**4. Ар түрдүү маселелер.**
ОшМУнун эл аралык мамилелер факультетинин эл аралык мамилелер кафедрасынын доценти, ф.и.к., Э.М.Эркебаевдин докторлук диссертациялык ишинин темасын (илимий консультантысыз) бекитүү.

**Угулду: Ибраимова С.С.** Урматтуу кесиптештер! Философия жана политология кафедрасынан ОшМУнун Эл аралык мамилелер факультетинин эл аралык мамилелер кафедрасынын доценти, философия илимдеринин кандидаты Эркебаев Элес Мизановичтин **“*Коомдук пикирдин мамлекеттик саясаттын өнүгүүсүнө жана өзгөрүүсүнө тийгизген таасири*”** деген темадагы 09.00.11 - социалдык философия адистиги боюнча докторлук диссертациялык ишинин темасы (илимий консультантысыз) бекитүү жөнүндө сунуш түштү. Биздин кесиптешибиз ф.и.к., доцент Э.М.Эркебаев бир топ жылдан бери ОшМУда эмгектенип келгендигин билесиздер. Кимде кандай сунуш жана ой пикирлер бар?

**Сөзгө чыгышты: Профессор К. Исаков:** доцент Элес Мизанович Эркебаевди кесиптеш катары баарыбыз жакшы билебиз. Элес Мизановичтин ишин биз кафедрада талкуу кылганбыз. Ошондуктан докторлук илимий иш менен алектенүүсү үчүн, анын докторлук диссертациясынын темасын туура деп эсептеп, жалпы Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүн да колдоп берүүгө чакырып кетет элем.

**Доцент В.Б.Джаныбекова:** Кесиптешибиз Элес Мизанович Эркебаевдин тандап алган **“*Коомдук пикирдин мамлекеттик саясаттын өнүгүүсүнө жана өзгөрүүсүнө тийгизген таасири*”** деген темадагы докторлук диссертациясы актуалдуу экендиги байкалып турат. Ошндуктан мен дагы жалпы Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүн колдоп берүүгө чакырып кетет элем.

Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып, факультеттин окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.1 Факультеттеги эл аралык мамилелер багыты боюнча (магистратура) көз карандысыз аккредитациядан өткөрүүгө даярдыктар күчөтүлсүн
2.1 2021-2022-окуу жылындагы “эл аралык мамилелер” багытындагы магистранттардын диссертациялык иштеринин темасы, бакалавр багытындагы бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштеринин темалары жана жетекчилери бекитилсин.

3.1 Кафедра башчылары берген сунуштар эске алынсын жана кураторлорго студенттер менен иштөөсү күчөтүлсүн;
3.2  Алдыда аткарылчу иштер күчөтүлсүн жана токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Г.Б.Сулаймановага жүктөлсүн.
4.1. ОшМУнун эл аралык мамилелер факультетинин эл аралык мамилелер кафедрасынын доценти, ф.и.к. Э.М.Эркебаевдин ***"Коомдук пикирдин мамлекеттик саясаттын өнүгүүсүнө жана өзгөрүүсүнө тийгизген таасири"*** деген темадагы 09.00.11 - социалдык философия адистиги боюнча докторлук диссертациялык ишинин темасы (илимий консультантысыз) бекитилсин.
4.2. Эл аралык мамилелер кафедрасынын доценти, ф.и.к. Э.М.Эркебаевдин ***"Коомдук пикирдин мамлекеттик саясаттын өнүгүүсүнө жана өзгөрүүсүнө тийгизген таасири"*** деген темадагы 09.00.11 - социалдык философия адистиги боюнча докторлук диссертациялык ишинин темасын (илимий консультантысыз) бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

Төрайымы: С.С. Ибраимова

Катчысы: Г.М. Даниярова

ДЕКАНАТ